DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Орозбаев К.Т.*

# ОРТО КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

*Орозбаев К.Т.*

# ИССЛЕДОВАНИЕ СРЕДНЕВЕКОВЫХ КЫРГЫЗСКИХ ПЛЕМЕН

*K. Orozbaev*

# A STUDY OF MEDIEVAL KYRGYZ TRIBES

*УДК: 9.93*

*Макалада кыргыздардын жашаган жерлери тууралуу маалыматтар жана кытай жазмаларындагы кыргыздар тууралуу маалыматтар талдоого алынган. Тарыхчылардын эмгегиндеги азыркы кырк уруу кыргыз урууларынан Долон бийден тараган, монгол жапырагынан кийинки уруулар тууралуу сөз болот. Ичкилик элинин Кызыл уул, Салусбек Булгачы деген "аталары" жок экендиги далилденген жана бир топ окумуштуулардын пикирлери далил катары келтирилген. Ошондой эле "булгачи", "салучи" бирөөнүн атасы эмес, жөн эле баскынчы монголдордун уруулары экендигин тарых илиминдеги ордун, монгол уруусу "булгачы" ичкилик элинин атасы эмес экендигин, булгачы "ата" эмес, "Булгачы улусу", ал эми аты аталган 6 уруу ичкилик уруулары ошол "улустун" ичинде, аймагында жашаган эл экендиги көрсөтүлөт."Бабурнамеде" могол уруулары жана "ичкилар" деген ат менен моголдорго кирбеген уруулар экендиги, "Мазму ат-таварихтеги" "гыз"ды кыргыз деп атоого эч кандай негиз жоктугу алардын Сыр-Дарыяны бойлоп жашаган "огуздар" боло тургандыгы талдоого алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *түрк элдери, санжыра, жазма тарых, кыргыз тарыхнаамасы, булгачи, салучи, ичкилик уруулары.*

*В данной статье проводится анализ сведений о местах проживания кыргызов и сведений об упоминаниях кыргызов в китайских письменностях. В статье речь идет о сорока племен в трудах историков, произошедших от кыргызских племен Долон бия, племенах после монголов. На основе исследования установлено, что у народа "Ичкилик" нет "отцов" по имени Кызыл уул, Салусбек Булгачы, также приведены в качестве доказательства мнения ряда ученых. Также место в исторической науке находит, то что "булгачи", "салучи" не являются чьими-то отцами, а просто племенами вторгшихся монголов, монгольское племя "булгачы" не является отцом народа ичкилик, булгачы не "отец", "Улус Булгачы", а названные 6 племен указывают на то, что племена ичкиликов проживали внутри "улуса", региона. Проанализировано, что в "Бабурнаме" могольские племена и "ичкилар" не относятся к могольским племенам, нет оснований обозначать "гыз" в "Мазму ат-таварих" кыргызом, это "огузы" проживающие на берегу Сыр-Дарьи.*

***Ключевые слова:*** *тюркские народы, генеалогия, письменная история, кыргызская историография, булгачи, салучи, племена ичкилик.*

*This article analyzes information about the places of residence of the Kyrgyz and information about mentions of the Kyrgyz in Chinese scripts. The article deals with forty tribes in the works of historians descended from the Kyrgyz tribes of Dolon Biya, tribes after the Mongols. Based on the study, it was found that the people of "Ichkilik" do not have "fathers" named Kyzyl uul, Salusbek Bulgachi, and the opinions of a number of scientists are also given as evidence. It also finds a place in historical science that the "Bulgachi", "Saluchi" are not someone's fathers, but simply the tribes of the invading Mongols, the Mongolian tribe "Bulgachi" is not the father of the Ichkilik people, Bulgachi is not the "father", "Bulgachi Ulus", and the named 6 tribes indicate that The tribes of the Ichkiliks lived inside the "ulus", the region. It is analyzed that in "Baburnam" the Mughal tribes and "Ichkilar" do not belong to the Mughal tribes, there is no reason to designate "giz" in "Mazmu at-Tavarih" Kyrgyz, these are "Oguz" living on the banks of the Syr Darya.*

***Key words:*** *Turkic peoples, genealogy, written history, Kyrgyz historiography, Bulgachi, Saluchi, Ichkilik tribes.*

Изилдөөчүлөр кыргыз элинин тарыхын "кыргыздар түрк элдеринин ичиндеги тарыхта аты эрте аталган, эң байыркы эл" - деген сүйлөм менен эмгектерин баштап, жазып келе жатышат. Ошол "эң эски тарых" негизинен оозеки санжыра, генеологиялык - санжыра деңгээлинде айтылып келгендиги маалым.

Кыргыз эли 40 уруудан турат, алар отуз уул, 10 уул же ичкилик болуп бөлүнөт деген түшүнүк бар. 40 уруунун тарыхы бир топ убакыттан бери жазыла баштагандыгын талдап көрөлү.

Кыргыз санжырачы-тарыхчыларынан алгачкы болуп, эл оозунда айтылып, атадан балага өтүп келе жаткан тарыхый-санжыраны кагаз бетине түшүрүп, өзүнчө китеп түрүндө чыгарган окумуштуу Осмонаалы Сыдык уулу. Андан кийин орус тарыхчылары В.В. Бичурин, Н.А. Бартольд, Аристовдун ж.б. эмгектери менен таанышып, көп тарыхый маалыматтарды чогултуп, китеп кылып чыгарган тарыхчы – Белек Солтоноев.

Белек Солтоноев өзүнүн жазган эмгеги тууралуу мындай дейт: 1. "1895-жылдан баштап жыйып, 1934-жылы жамдадым... ("Кызыл кыргыз тарыхы" деген өзүнүн китеби жөнүндө айтып жатат.)... кыргыздын кайдан таралып, кайсы заманда тарыхка илингендигин, кайсы жерде тургандыгын, саясы, үнөм-жөнү кандай болгондугун, анын расим, адет, пейли, кулкун оозеки сурап жаза баштадым... Бул тарых кыргыз тарыхынын сапаты жагынан биринчи даражада болбосо да, **келерде кыргыз тарыхына түбөлүктүү материал** болор деген талап менен ортого салдым... Сөздүн чынын ылгап жүрүп, дал туура чыккандарын терип жүрүп, азыркы **оң-сол аталган кыргыздын түп тарыхы (ичкиликтердикин эмес - К.О.)** жазылды [1].

Менин жеке пикиримде кыргыздан чыккан кыргыздын жазма тарыхын анык жазган ушул эки аксакал тарыхчылар. Бул инсандар XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башынан тартып, кыргыз тарыхнаамасында жазма тарыхты баштаган кыргыз тарыхчылары. Ушул маселеде окумуштуу, тарых илимдеринин доктору Өмүркул Караевдин "Байыркы түрк эстеликтери

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жана араб-перс авторлору кыргыздар жана кыргызстан жөнүндө” деген эмгегинен кээ бир маалыматтарды атайы келтиремин.

Биринчи 1000 жылдыктагы жазма эстеликтер тарыхта “ ...орхон-енисей жазма эстеликтери”- деп аталган таштарга жазылган эстеликтерди окумуштуулар Д.Мессершмидт менен Табберт (1721-1722) “рун жазуусу”- деп аташкан. “Бул рун эстеликтерин ким жазгандыгы жана алар кайсы түрк урууларынан экендиги белгисиз. Енисейден табылган №24 текстте “Муну жазган Аңнын эле” деген гана бир сүйлөм кездешет.” Бул жазуу эстеликтери VI-VIII кылымдарга таандык.

Орто Азияга арабдар басып киргенден кийин, бул аймакта арап жана перс тилдеринде арап тамгасы менен жазылган эмгектер пайда боло баштайт.

Ө. Караев жогорудагы эмгегинде ошол авторлордун өздөрү жана эмгектери тууралуу кенен чечмелеп берет. “Араб тилинде жаралган тарыхый-географиялык чыгармалардын өнүккөн доору IX-X кылымдарга туш келет. Бул мезгилдерде ондогон саякатчылар жана географтар Орто Азия, Казакстан жана Чыгыш Түркестандын аймагында болушуп, өздөрү көргөн же уккан маалыматтардын негизинде көп сандаган эмгектерди жазып калтырышкан. Алардын биринчиси болуп Тамим ибн Бахр болгон. Андан кийин Табари (923-ж. Багдадда өткөн.) “Тарых” деген чоң эмгеги бар. Ибн Хордадбек эмгеги “Мамлекеттер жана жолдордун китеби (Китаб ал-масалик, ва-л-мамилик)” (846-847-жж.), Ибн ал-Факих “Мамлекеттер жөнүндө маалыматтар китеби(Китаби ахбар ал-булдан)” (902-903-жж.)”, Кудама ибн Жафар китеби “Жер налогу китеби (Китаби ал-хараdж) 928-ж.”, Истахри китеби “Мамлекеттин жолдору тууралуу китеби(Китаб масалик ал-мамалик) 930-933-жж., Ибин Хаукал китеби “Мамлекеттер жана жолдор” (Китаб ал масалик ва-л мамилик) 952-977-жж. Бул автор Истахринин эмгегин кайрадан оңдоп жазган. Мукаддаси X арап географы, анын китеби “Мамлекеттерди таануу үчүн эң жакшылап бөлүштүрүү”(Ахсан ат-такасим фи маарифат ал-акалим) 985-986-жж. Бул китеп Саманийлер мамлекетине арналган. Абу Дулаф китеби “Рисале”(Записка) 942-ж. Абурейхан Бируни 973-жылы Кият шаарында туулган. Көп китептерди жазган, бирок бизге чейин анын 27 китеби жетип келген. М.: “Ата бабалардын калтырган издери”, “Масудтун таблицасы” ж.б. Жусуп Хас-Хажыб Баласагунда туулган. Китеби “Кутадгу билиг” (1069-1070-жж.), Махмуд Кашкари “Диван лугат ат-түрк”, Арап географы Идриси 1099-1100-ж. Сеута шаарында туулган. Китеби “Облασттар боюнча саякаттапжапа тартканды, эриккенди жазуу” (Нузхат ал-муштакфихтрак ал- афак) 1154-ж. Ал шаарынын картасын 40 бөлүкчөгө бөлгөн. “Автор Кыргыздарды Чыгыш Тянь-Шандын түндүк тарабына жайгаштырган. Алар жөнүндө да саясий географиялык кыскача маалымат бар.” Көрүнүктүү арап энциклопедисти Йакут Кичи Азияда туулган. Китеби “Мамлекеттердин сөздүгү”(муджам ал-булдан)1166-1170-ж. Булардан тышкары тарыхчы Ибн ал-Асир (1160), Абу ал-Фидан (1332-1140), Жайхани, Гардизи(XIк), Нисави (XI к.), Жувейни (XIII к.), Рашид ад-Дин (1242-ж.), Сейф ад-Дин Аксикенти, Мухаммед Хайдер(дуглат) “Рашидинин тарыхы” ж.б. авторлордун чыгармаларында кыргыздар жөнүндө учкай маалыматтар берилген [2].

Аталган авторлор кыргыздардын жашаган жерлери тууралуу маалыматтарды беришкен. Булардан тышкары кытай жазмаларында да кыргыздар тууралуу маалыматтар көп учурайт. Кыргыз тарыхнаамасында көп тилге алынуучу жана кыргыздардын тарыхын жазма тарыхта алгачкы болуп кененирээк чагылтырган эмгек катары Сайф ад-дин Аксикентинин “Мажму ат-таварих” (“Тарыхтардын жыйнагы”) деген эмгеги тилге алынып келе жатат. Кол китепте жазылганы боюнча кыргыз урууларын “оң, сол” деп бөлүп жана урууларга бөлүп жазган. Эмгек XVI кылымда Аксикент шаарында жашаган Сайф ад-дин ибн Дамула Шах Аббас Аксикентинин (уулу Нооруз Мухаммат экөөнүн) кол жазма китеби (китеби) фарсы тилинде жазылган. Окумуштуулар бул эмгектин авторун тажик улутунан болуп, ошол себептен арап алфавити менен тажик тилинде жазылган десе, айрым изилдөөчүлөр (О. Соорoнов) автор кыргыз болгон дегендей ойду айтат. Менин көз карашымда чыгарманын автору ким болгондугуна карабастан XVI кылымда жалпы кыргыз жөнүндө, Манас, кыргыз уруулары тууралуу маалымат жазылып калгандыгында. Акылбек Джуманалиев баш болгон авторлор жазган “Кыргызстандын тарыхы” (2016) китебинде: “Ферганалык молдо Сейф ад- Дин Аксикенди тарабынан XVI к. жазылган тажик тилиндеги “Маджму ат-таварих” (Тарыхтар жыйнагы) - тарыхый фактылар менен уламыштар чиелештирилип берилген тарыхый - болумуштуу чыгарма. Чыгарманын маанилүү жагы Ферганынын, Теңир-Тоонун кыпчактары жана кыргыздарынын түрдүү мазмундагы санжыралары, “Манас” дастанын үзүндүлөрү берилген. Ошону менен бирге булак кыргыздар жана башка түрк тилдүү элдердин этнографиясы боюнча кызыктуу маалыматтарды камтыйт. Чыгарманын сюжеттик өзөгүн касандык жана ширкенттик шейхтердин жашоо-турмушу, аларга байланышкан аскердик согуш окуялары, кыргыз уруулары жөнүндө маалыматтар ж.б.у.с. түзөт [3].

Ошентип, окумуштуулар чыгарманын мазмунун кыскача жыйынтыктап бериптир. Чыгармадагы согуш окуялары, дин кызматкерлеринин аракеттери ислам тарыхында Бадр согушу, Ухуд согушу деген аттар менен белгилүү болгон Мухаммет пайгамбардын заманындагы согуш окуяларына окшоп кетет. Мисалы Ухуд согушунда курайш аскерлеринин жайгашуусу төмөнкүдөй сүрөттөлөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



“Курайш жоокерлеринин **оң** жагына Халид бин Валидти, **сол** жагына Икрима бин Абдужахлды. Жөө жүрүүчүлөргө Сафван бин Умайяны жаа атуучуларга Абдулло бин Абиробиъаны башчы кылып дайындашкан” [4].

“Мажму ат-таварихте” “Имам Ибрахим Зарбагыш аскерлерин сапка тургуздуруп, **оң** жагындагы аскерге Ларханды, **сол** жагындагы аскерге Ларбүзүрүктү башчы кылып койду... Аскерлердин **оң** жагына **Оң**, **сол** жагына **Сол** деп ат берди. Кыргыздар **Оң**, **Сол** деп аталып калды. Кыргыздар Урумдун тоо жагында жашаган эл болгон. Касанды Азирети Имам Ибрахим Малик (падыша) Зарбагыш 521-хижра жылында алган” [5]. Бул окуя китепте жазылышына караганда калмактар менен согуш окуяларынын бири болгон.

Жогорудагы эки эски аксакал тарыхчылардын эмгегинде азыркы кырк уруу кыргыз урууларынан Долон бийден тараган, монгол жапырагынан кийинки уруулар тууралуу сөз болот. Ичкилик элинин Кызыл уул, Салусбек Булгачы деген “аталары” жок. Кээ бир ичкилик урууларынан чыккан “жергиликтүү” тарыхчылар да (С. Саттаров, М. Үсөн ж.б.) колдоп жазыптыр. Бул тарыхчыларды дагы башка айрым тарыхчыларды... “Даярга көнүп калган “илимпоздук” жаныбыз”(10-б.)... - деп Омор Сооронов айткандай, “илимпоздордон” көчүрүп алса керек деген ойго барасың. Мындай көз караш тарых илими жактан алып караганда, өтө эле билимсиздикти айгинелеп турат. Ичкилик урууларынын андай ойдон чыгарылган “легендарный” аталары жок. Болушу мүмкүн эмес. “Андай эмес” - деп баштасаң эле, Сайф ад- дин молдо Аксикентинин XVI кылымда жазылган “Мажму ат-таварик” деген эмгегинде:

**96-бетте:** Бардыгы макул болушуп ыктыярды Мавлона А”замга беришти. (Мавлона Аазам) миң адам менен жөнөдү. Аңга төрө Аңкай мотолго “Моголдордон беш миң аскер алып кел!” - деп буйрук берди. Актемир баатыр 7 уулу менен келди. Давлатиярды Оң менен Солго жиберди. Салусбек Булгачы 6 уулу менен келди: Бостон, Тейит, Жоокесек, Дөөлөс, Каңды, Кыдырша. Алар миң адам менен келишти [6].

Чыгармада алты уруу ичкиликти “тактап- нетип” отурбай эле “**Салусбек Булгачы 6 уулу менен...”** - деп койгон, Аксикентилик молдо, ал эми кийинки совет доорунда жогорку окуу жайынан билим алган “тарыхчылар” XVI кылымдагы “автордун” жазганына ынанып, ошол бойдон биринен бири көчүрүп, “илимий иштерди” жазып келе жатышат.

Рашид ад-дин айткандай убагында Сайфидин молдо Аксикенти да өзүнүн көңүлүнө маакул келген маалыматка таянса керек, “...дагы билбедим кудай өзү билет...” Бирок окумуштуу В. Юдин дуглат Мухаммед Хайдарга таянып төмөнкү пикирди айтат: “Булгачи [арабская надпись - А.Р.] Племя **булгачи** упоминается совместно с **салучи** для времени Тимура [36]. После смерти Вайс-хана оно, вместе с калучи и рядом других племен, ушло в Туркестан к Абу-л-Хайр-хану. **О нем говорится, как о могульском племени** [37]“ - деп тарыхчы Р.Абдуманапов бир макаласында жазат [7].

Жогорудагы мисалда “булгачи”, “салучи” бирөөнүн атасы эмес, жөн эле баскынчы монголдордун уруулары экендигин тарых илиминде орду бар окумуштуулар жазган. Монгол уруусу “булгачы” ичкилик элинин атасы эмес. Ичкилик урууларынын бардыгы “булгачы” уруусунан 100, 1000 жыл улуу, кантип атасынан баласы улуу болуп калат?

Булгачы “ата” эмес, “Булгачы улусу” , ал эми аты аталган 6 уруу ичкилик уруулары ошол “улустун” ичинде, аймагында жашаган эл.

Сайф ад-дин Аксикентинин “Мажму ат-таварик” деп аталган эмгегинде: **“Мажму ат- таварих” кол жазмасынын мазмуну жана маани-маңызы -** деген темада окумуштуу Омор Сооронов агай чыгарманын маанисин талдап берген. Мисал келтиребиз: “Кыргыз тарыхындагы көөнө терең маанилүү, кеңири мазмундуу жазма “Мажму ат-таварих” болуп саналат. Кол жазманын көлөмү чакан болгон менен, артка кайрылып айткан эскерүүлөрү кошо камтыган мезгили 55 кылымдан ашып барат да, ошонун ичинде Нух пайгамбардын 3-уулу Йафастин Кара хан, Азар хан деген эки баласынан тараган түрк элдеринин тарыхы, негизинен кыргыздардын тарыхы ыраатты менен жазылып отурат. Кыскасы, кол жазмада, үзүл-кесил жерлери менен кошо, Топон суудан берки тарых сөз болот.

Йафастин үч уулунун улуусу Карахан, андан Өгүз хан, андан Могол хан, андан эки уул: Гыздиддин, Лариддиндер болгону, Гызиддин Румга, Лариддин Мазандаранга падыша болгондугу, б.а. **гыздар (кыргыздар) Румда** жашагандан берки тарыхы, язиддер(жезиттер) менен, кытайлар менен болгон мурунку эрадагы, андан берки эрадагы согуштар айтылат. Моголдордун падышалыгы (Рум тарапта) 10 кылымга созулуп, мурунку эрадагы бир согушта (фариддиндер менен болгон согушта) кырылып, **гыздардан (кыргыздардан)** бир үй-бүлө Ахнатун деген тоо-го качып кетип, ошол жакта өнүп- өсүп көбөйгөнү айтылса, 6-имам Жафар Садыктын (Иса жыл санагынын 700-765 –жылдарында жашап өткөн) тушунда **гыздар (кыргыздар)** Рашидилхактын бийлигинде, аталган имамдын идеялык жетекчилиги астында Кытайга чабуул жасап, аскеринин дээрлик тең жарымынан – отуз миңинен айрылып, качып отуруп Өзгөнгө, анан **аягында калган 40 гыз(кыргыз) Кожент тоолорунда жашап калганына чейин,** андан ошол тоолордо өнүп-өсүп, дагы көбөйүп отуруп, Манас баатыр башында турган (хандык даражада эмес, баатырдык, кол башчылык даражада) мусулмандардын(түрктөрдүн) калмактар менен болгон согушуна чейин кол жазмада жазылган. Насили **гыздардан (кыргыздардан)** бол-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гон Акеш (Акеше-фарси тилине ылайыкталып кол жазмада Аккоша деп берилген) башында турган 92 элетиялыктар Иса жыл санагы боюнча 624-ж., Хижра жыл санагы боюнча 2-жылы Бадир согушунан кийин 92 элетиялыктар Румда, бир бөлүгү Мо-варо-ун-нахрда жашап калганы, Казак менен калмак Дашти-Кыпчакка кеткени айтылат. Бирок бир тууган казак эли андан алда канча мурда эле Йафастин экинчи уулу Азар хандан тараганы кол жазманын 12-бетинде жазылып турганын да белгилей кетишибиз керек" [8].

Жогоруда окумуштуу айткан "гыздар", "кыргыздар" эмес. Орто Азияга VII кылымда ооп келген огуздар. Илимий адабияттарда "огуздар"- "гуздаргузы", "гыздар" "уздар"- деп жазылып жүрөт. Ал эми кыргыздар жогоруда окумуштуу Омор Сооронов агай жазган аймактарда жана ошол кылымдарда жашаганбы? Эгер ошол "гыздар" чындап эле кыргыз болсо, ал кайсы кыргыздар? Аркалык жана отуз уул кыргыздарын Долон бийден таратышат, Долон бийди Чынгыз хан заманында , Нарын аймагында жашаган адам катары жазып жүрүшөт. Ал эми ичкилик кыргыздарын азыркы жашаган жерине ар кайсы жактан Бабур (1500-жылдар - К.О.) заманынан мурун жана андан кийин көчүп келип жайгашып, "ичкилик" деген атак алган эл катары айтылып, жазылып жүрөт. "Бабурнамеде" могол уруулары жана "ичкилар" деген ат менен моголдорго кирбеген уруулар жазылат. Кыскасы, "Мазму ат-таварихтеги" "гыз"ды кыргыз деп атоого эч кандай негиз жок. Алар Сыр-Дарыяны бойлоп жашаган "огуздар".

Бабажан Гафуров "Древнейшая, древняя и средневековая история ТАДЖИКИ" деген китебинде: "Гузами (огузами) В Средней Азии именовались тюркоязычные племена, преимущественно кочевые. X в. кочевья гузов были разбросаны в широких степных простанствах от Южного Прибалхашья до низовьев Волги, но наиболее компактно они жили в Прикаспии, низовьях Сырдарьи и в Приуралье." Бабажан Гафуров [9].

Б.а. "гуздар", "гыздар" дегени "кыргыздар" эмес "огуздар" деп жазыптыр, тарыхчы.Ошону менен бирге, тарыхый маалыматка караганда Орто Азияга араптардын биринчи жортуулу 651-жылы болгон. Буга чейин Орто Азиянын эли менен араптардын ортолсунда толук байланыш болгон эмес. Бадр согушуна "92 элетиялыктар" барган эмес [10].

Ушул жерде кытайлык тарыхчы Анвар Байтурдун пикирин окуп көрөлү, "Жаңы эранын VI кылымдарынан баштап Тияншан тоолорунун тегерегинде жашаган уйгурлар(огуздар) ар түрдүү себептер менен топ-топ болуп Тияншандын батыш тараптарындагы, Сыр жана Талас сууларынын бойлоруна көчүп келет. Ошондой эле бул райондордун саясы майданында өтө зор ролдорду ойной баштайт" [11].

Төмөндө "**гуздар**" жөнүндө ошол заманда Джувейни тарабынан жазып калтырган маалыматтан мисал келтирдим.

*"Атсыз, султан Санджар жана"гуз тополоңу"*

Бул 1153- жыл болчу, ошол жылы **гуз**(огуз-К.О.) ордосу жеңишке жетишип, султан Санжарды туткунга алышкан. **Гуздар** күндүзү аны падыша тактына отургузуп, түндөсү темир тордо кармашкан (ср. стр. 324, прим. 1).) |13|

- Султан Санджар и «**гузская смута»** |*161б*| Как явствует из (исторических) книг, (сельджукское) государство стало клониться к упадку. Со времени воцарения Санджара прошло 60 лет. (Автор включает в эту цифру и 20 лет правления Санджара в Хорасане). Из Хутталана выступило племя **гузов**. Оно восстало против султана, отказав во взносе установленного ежегодного хараджа. Султан повел против них войско. **Гузы** предлагали с каждого дома по шапке серебра. Предложение было отвергнуто. Султан дал им сражение, был разбит и попал в плен. Когда султан попал к ним в плен, они все стали около (султанского) стремени и служили султану (как придворные). **Гузские эмиры** - Тути, Куркараб Мелик Динар, Ибрахим Хуттали и другие - соблюдали этикет по отношению к султанскому |*162а*| трону и сами раздавали фирманы друг другу, поделив Хорасан на части. Все, что нужно было сделать, они делали (сами) и говорили: «Так приказывает султан».

В понедельник 24 раби I 552 г. (= 6 V 1157) он умер в Мерве. Его похоронили там же. Время его жизни - 73 года с небольшим, длительность царствования - 62 года.

Султана оставили там. К нему подошел один **гуз** - султан был еще жив - и увидел шахскую одежду и пояс. Желая снять одежду и пояс, **гуз,** не смогший сразу расстегнуть пояса, подсунул нож под пояс и перерезал его [12].

Огуздар (гуз, гыз) тууралуу башка дагы бир окумуштуу төмөнкүдөй пикирин жазган: "Приаралье было местом расселения огузов - одних из основных предков туркмен. С.П. Толстов и другие исследователи считают эти районы родиной огузов. На нижней и средней Сыр-Дарье в IX в. существовали обширные огузские поселения - так называемые города гузов. Впрочем, по данным Таншу, «гэса» - огузы - обитали здесь уже в VIII в. н.э. Отсюда они передвинулись на юг, на территорию современной Туркмении, причём особенно широкий размах это движение приобрело в XI в., когда образовалось государство сельджукидов."

Жогорудагы мисалдарда жазылганы боюнча "гыздар" кыргыз эмес огуздар экендиги даана көрүнүп турат [13].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин урууларынын ичиндеги ичкилик тобуна кирген уруулардын ата теги, келип чыгышы боюнча жана айрым тарыхчылардын пикирлери жана эмгектери боюнча кыс-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кача пикир айтылды.

**Адабияттар:**


1. Кызыл кыргыз тарыхы. - 2017. - 3-15-бб.
2. Кыргыздар Кеңеш Жусупов.- 1991. - 85-105-бб.
3. Кыргызстандын тарыхы. - 2016. - 109-б.
4. Маулана Мухаммад Идирис Кандехлави раматуллахи ъалайхи “МухаммаД саллаллооху ъалайхи ва салламдын Өмүр баяны”. Которгон: Камалидин уулу Абдулхамид. - 2014. - 389-б.
5. Тарыхтардын жыйнагы  “Мажму ат-таварих”. - Бишкек, 2016. - 42-б.)
6. Досболов М., Соороновдор О. которгон. Тарыхтардын жыйнагы “Мажму ат-таварих”. - Б., 2016. 79-б.
7. Абдуманапов Рустам «Центральноазиатский исторический сервер». Copyright © 1999-2007.
8. Сооронов О., Досболов М. Тарыхтардын жыйнагы (Мажму ат-таварих). - Б., 2016. - 16-17-бб.
9. Древнейшая древняя и средневековая история “Таджики” - 2009. - 2 т. - С. 105.
10. Маулана Мухаммад Идрис Кандехлавинин “Мухаммад саллоллооху ъалайхи ва салламдын. Өмүр Баяны”. - 2014.
11. Анвар Байтур Кыргыз тарыхы. - 2003. - 61-б.
12. Арабские и персидские источники. / пер. под ред. А.А. Ромаскевича. Текст воспроизведен по изданию: Мат. по истории туркмен и Туркмении. - Том I. VII-XV вв. М.-Л. АН СССР. 1939.
13. Неразик Е. О некоторых направлениях этнических связей населения Южного и Юго-Восточного Приаралья в IV-VIII вв.” / История, археология и этнография Средней Азии. - М., 1968. - С. 197-207.